Бекитемин :

А.Закиров атындагы орто мектебинин

Директору  Абишева У.О

# Жарандардын маселелерин  кароонун тартиби жөнүндө Жобо

Кыргыз Республикасынь
Президентинин 2013-
жылдын 10-августундаг
174 Жарлыгы менен
бекитилген

**Кыргыз Республикасынын жарандык маселелерин кароонун тартиби жөнүндө
ЖОБО**

Бул Жобо "Кыргыз Республикасынын жарандыгы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына ылайык Кырг Республикасынын жарандык маселелери боюнча арыздарды тариздөөнүн жана берүүнүн, Кыргыз Республикасынь жарандыгын алуу жана токтотуу маселелерин кароонун, аталган маселелер боюнча чечимдерди кабыл алуунун, аткаруунун жана даттануунун тартибин аныктайт, ошондой эле зарыл документтердин формаларын белгилейт.

## 1. Кыргыз Республикасынын жарандык маселелери боюнча арыздарды берүүнүн тартиби

1. Кыргыз Республикасынын жарандыгына кабыл алуу, жарандыкты калыбына келтирүү жана андан чыгуу жөн арыз, арыз ээсинин жазуу жүзүндөгү кайрылуусу боюнча каралат жана Кыргыз Республикасынын Президентинин атына жазылат жана:

1) Кыргыз Республикасынын аймагында туруктуу жашаган учурда - арыз ээсинин жашаган жери боюнча калкть каттоо чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу органынын аймактык органына;

2) Кыргыз Республикасынын аймагынан тышкаркы жерлерде туруктуу жашаган учурда - Кыргыз Республикасын дипломатиялык өкүлчүлүктөрүнө же консулдук мекемелерине берилет.

2. Арыз ээси арызын өзү тапшырууга жана жазылган күнүн көрсөтүү менен ага арыз ээси кол коюуга тийиш.

Эгерде арыз берүүчү өзүнүн дене боюнун кемчилдигинен улам өтүнүчкө кол кое албаса, анын өтүнүчү боюнча өтүнүчкө башка адам кол коет жана нотариалдык жактан күбөлөндүрүлөт. Кыргыз Республикасынын аймагынан тышкаркы жерлерде арыз ээсинин колтамгасы Кыргыз Республикасынын дипломатиялык өкүлчүлүгүнүн же консул мекемесинин кызмат адамы тарабынан күбөлөндүрүлөт.

3. Эгерде арыз берүүчү өзгөчө мүнөздөгү жана документтер менен ырасталган шарттарга байланыштуу арызды өзү бере албаса, арызы менен тийиштүү документтерин кароо үчүн башка адамдар аркылуу же почта аркылуу бер да болот. Мындай учурда арызга кол койгон адамдын койгон колунун, арызга тиркелген документтеринин көчүрмөлөрүнүн аныктыгы, анын түп нускасы нотариалдык жазылмалар менен тастыкталат.

4. Балдардын же иш-аракетке жөндөмсүз адамдын жарандыкты өзгөртүү тууралуу арызы алардын ата-энелері бала же иш-аракетке жөндөмсүз адам жашаган жер боюнча мыйзамдуу өкүлдөр аркылуу берилет.

5. Жашы 14төн 18ке чейинки балдар Кыргыз Республикасынын жарандыгына кабыл алуу, жарандыгын калыбы келтирүү же жарандыгынан чыгуу жөнүндө арыздарын берген учурда алардын нотариалдык жактан күбөлөндүрүлг макулдугу зарыл, Кыргыз Республикасынан тышкаркы жерлерде алардын жазуу жүзүндөгү макулдугу Кыргыз Республикасынын дипломатиялык өкүлчүлүктөрү же консулдук мекемелери тарабынан күбөлөндүрүлөт.

6. Жашы жете элек балдардын Кыргыз Республикасынын жарандыгынан чыгып кетүү жөнүндө арызы берилген учурда, эгерде анын ата-энесинин бири Кыргыз Республикасынын жараны бойдон калган учурда, жашы жете элек баланын Кыргыз Республикасынын жарандыгынан чыгууга анын жазуу жүзүндөгү макулдугу керек. Мындай өтүнүч нотариалдык түрдө күбөлөндүрүлүүгө, ал эми республикадан тышкары жерлерде - Кыргыз Республикасынын дипломатиялык өкүлчүлүктөрү же консулдук мекемелери тарабынан күбөлөндүрүлүүгө тийиш.

7. Арыз Кыргыз Республикасынын жарандыгын алуунун же токтотуунун тийиштүү негиздери менен форма боюı жазылат. Бардык зарыл документтер эки нускада топтолот: арыздын бирине документтердин түп нускалары, башкасына - көчүрмөлөр тиркелет.

Арыз ээси берген анын ким экендигин ырастаган документтин (паспорт жана (же) жашап турууга уруксат) түп нускасы кайра кайтарылууга жатат. Арызга ал документтин көчүрмөсү тиркелет, анын түп нускага дал келиши кызм адамы тарабынан текшерилет жана анын колтамгасы жана ыйгарым укуктуу органдын мөөрү менен ырасталат.

8. Документтер мамлекеттик же расмий тилдерде түзүлүүгө же ал тилдердин биринде котормосу болууга тийиш Документтердин котормосунун тууралыгы нотариалдык түрдө же Кыргыз Республикасынын дипломатиялык өкүлчүлүгүнүн же консулдук мекемесинин кызматкери тарабынан ырасталууга тийиш.

9. Арыздын бланкы кол менен же техникалык каражаттарды (жазуучу машинка, компьютер) колдонуу менен толтурулат. Кол менен толтурулган арыздын тексти түшүнүктүү болууга тийиш. Арыздын бланкын толтурууда кыскартууларды жана аббревиатураларды пайдаланууга, ошондой эле оңдоолорду киргизүүгө жол берилбейт. Арыздын бланкында камтылган суроолорго жооптор толук болууга тийиш.

10. Кыргыз Республикасынын аймагында Кыргыз Республикасынын жарандыгын кабыл алуу, жарандыгын калыбына келтирүү, жарандыгынан чыгуу жөнүндө арыз берген учурда мамлекеттик алым, ал эми Кыргыз Республикасынын чектеринен тышкары жерлерде - Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартиг консулдук жыйымдар алынат.

Этностук кыргыздар, Кыргыз Республикасынын жараны менен никеге турган аял жынысындагы чет мамлекетти жарандар жана жарандыгы жок адамдар Кыргыз Республикасынын жарандыгына кабыл алууда мамлекеттик алымдарды жана консулдук жыйымдарды төлөөдөн бошотулат.

## 2. Кыргыз Республикасынын жарандыгына жалпы тартипте кабыл алуу

11. Чет элдик жарандар жана 18 жашка чыккан жарандыгы жок адамдар жалпы тартипте Кыргыз Республикасы жарандыгына кабыл алуу жөнүндө расмий өтүнүч менен төмөнкүдөй учурларда кайрылууга укуктуу:

1) арыз берген учуруна чейин акыркы беш жылдын ичинде Кыргыз Республикасынын аймагында туруктуу, үзгүлтүксүз жашап турушса. Бир жылдын ичинде Кыргыз Республикасынын чегинен тышкары үч айдан ашпаган мөөнөткө чыккан адамдын жашоо мөөнөтү үзгүлтүксүз деп эсептелет;

2) пикир алышуу үчүн жетиштүү көлөмдө мамлекеттик же расмий тилде сүйлөй алса;

жашап туруунун мөөнөтү жөнүндө шарттар коюлбастан жана ушул Жобонун 11, 12 жана 16-пункттарында каралган шарттар сакталбастан мыйзамдарда белгиленген мөөнөттөрдө Кыргыз Республикасынын жарандыгына кабыл алы... Аларды Кыргыз Республикасынын жарандыгына кабыл алуу алардын башка мамлекеттин жарандыгынан баш тартуусун көрсөтүү менен, башка мамлекеттин жарандыгынан алдын ала чыгуусуз эле Кыргыз Республикасынын жарандыгына кабыл алуу жөнүндө жазуу жүзүндөгү кайрылууларынын негизинде жүзөгө ашырылат.

18. Кыргыз Республикасынын жарандыгына ушул Жобонун 11-пунктунда каралган шарттарды сактабастан жөнөкөйлөштүрүлгөн тартипте төмөндөгүлөр кабыл алынат:

1) ата-энесинин бири Кыргыз Республикасынын жарандыгын алган бала - ошол атасынын же энесинин биринин арызы жана баланын Кыргыз Республикасынын жарандыгын алууга экинчисинин жазуу жүзүндөгү макулдугу боюнча. Эгерде бала Кыргыз Республикасынын аймагында жашап турса, андай макулдук талап кылынбайт;

2) ата-энесинин биринин Кыргыз Республикасынын жарандыгы бар болсо - ошол ата-энесинин биринин арызы боюнча;

3) камкордукка же көзөмөлдүккө алынган бала же аракетке жөндөмсүз адам - Кыргыз Республикасынын жарандыгына ээ камкорчу же көзөмөлдүк кылган адамдын арызы боюнча.

19. Ушул Жобонун 16-пунктуна ылайык документтерди тапшырууда ушул Жобонун 13-пунктунда көрсөтүлгөн документтерге кошумча төмөнкү документтердин бири кошо берилет, эгерде арыз берүүчү:

1) ата-энесинин биринде Кыргыз Республикасынын жарандыгы бар болсо жана Кыргыз Республикасынын аймагында жашаган болсо - туулгандыгы тууралуу күбөлүгүнүн түп нускасы менен ксерокөчүрмөсүн, ата-энесинин катталган белгиси бар паспортун, жашаган жеринен маалымкат;

2) Кыргыз ССРинде туулса жана мурдагы СССРдин жараны болсо - туулгандыгы тууралуу күбөлүгүн же СССР паспортун.

20. Чет мамлекеттин жарандыгы бар же жарандыгы жок, этностук кыргыз болуп саналган жана Кыргыз Республикасынын жарандыгына кабыл алуу жөнүндө өтүнүч менен кайрылган адамдар төмөнкүлөрдү беришет:

1) Кыргыз Республикасынын жарандыгына кабыл алуу жөнүндө эки нускадагы арыз-анкетаны (1-тиркеме);

2) арыз берген адамдын ким экендигин ырастаган документтердин (паспорт, жарандыгы жок адамдар үчүн жашоого уруксат) түп нускасын жана ксерокөчүрмөлөрүн;

3) анын кыргыз улутунан же ата-энесинин бири кыргыз улутунан экендигин тастыктаган төмөнкү документтердин бирин (кыргыз улуту көрсөтүлгөн паспорт, кайрылмандын күбөлүгү, туулгандыгы жөнүндө күбөлүк, кыргыз улуту көрсөтүлгөн атасынын (энесинин) паспорту);

4) Кыргыз Республикасы менен чектеш мамлекеттердин (Казакстан Республикасы, Тажикстан Республикасы, Өзбекстан Республикасы жана Кытай Эл Республикасы) жарандары үчүн - мурдагы жарандыгынан баш тартуу жөнүндө жеке арызын;

5) 4х6 см өлчөмүндө ак фондо түстүү эки фотосүрөттү.

21. Кыргыз Республикасынын жараны менен никеге турган, Кыргыз Республикасына туруктуу жашоо үчүн келген аял жынысындагы чет мамлекеттин жарандары жана жарандыгы жок адамдар жана Кыргыз Республикасынын жарандыгына кабыл алуу өтүнүчү менен кайрылгандар төмөнкүлөрдү беришет:

1) Кыргыз Республикасынын жарандыгына кабыл алуу жөнүндө эки нускадагы анкета-арызды (1-тиркеме);

2) арыз берүүчүнүн ким экендигин ырастаган документтердин (паспорт, жарандыгы жок адам үчүн жашап турууга уруксат) түп нускасын жана ксерокөчүрмөсүн;

3) Кыргыз Республикасынын жараны менен никеге тургандыгы жөнүндө күбөлүктү;

4) Кыргыз Республикасы менен чектеш мамлекеттердин (Казакстан Республикасы, Тажикстан Республикасы, Өзбекстан Республикасы жана Кытай Эл Республикасы) жарандары үчүн - мурдагы жарандыгынан баш тартуу жөнүндө жеке арызын;

5) 4х6 см өлчөмүндө ак фондо түстүү эки фотосүрөттү;

6) Кыргыз Республикасынын аймагында жашагандыгын ырастаган документ (жашап турууга уруксат, катталган жөнүндө белги, айыл өкмөтүнөн маалымкат же жашаган жеринен маалымкат).

22. Кыргыз Республикасынын мурдагы жарандары Кыргыз Республикасына туруктуу жашоо үчүн кайтып келген жана Кыргыз Республикасынын жарандыгына кабыл алуу өтүнүчү менен кайрылганда төмөнкүлөрдү беришет:

1) Кыргыз Республикасынын жарандыгына кабыл алуу жөнүндө эки нускадагы арыз-анкетаны (1-тиркеме);

2) арыз берүүчүнүн ким экендигин ырастаган документтердин (паспорт, жарандыгы жок адам үчүн жашап турууга уруксат) түп нускасын жана ксерокөчүрмөсүн;

3) арыз берүүчүнүн Кыргыз Республикасынын жарандыгынан чыккандыгын ырастаган ыйгарым укуктуу органдын маалымкатын;

4) Кыргыз Республикасы менен чектеш мамлекеттердин (Казакстан Республикасы, Тажикстан Республикасы, Өзбекстан Республикасы жана Кытай Эл Республикасы) жарандары үчүн - мурдагы жарандыгынан баш тартуу жөнүндө жеке арызын;

5) мамлекеттик алымды (консулдук жыйымды) төлөгөндүгү жөнүндө квитанцияны же аларды төлөөдөн бошотуу жөнүндө документти;

6) 4х6 см өлчөмүндө ак фондо түстүү эки фотосүрөттү.

### 4. Кыргыз Республикасынын жарандыгынан чыгуунун тартиби

23. Кыргыз Республикасынын аймагында жашаган адамдын Кыргыз Республикасынын жарандыгынан чыгуусу ал адамдын ыктыярдуу өз эрк билдирүүсүнүн негизинде Кыргыз Республикасынын жарандыгына кабыл алуу жөнүндө чечимди жокко чыгарган учурлардан тышкары, жалпы тартипте жүзөгө ашырылат.

24. Чет мамлекеттин аймагында жашаган адамдын Кыргыз Республикасынын жарандыгынан чыгуусу ал адамдын ыктыярдуу өз эрк билдирүүсүнүн негизинде Кыргыз Республикасынын жарандыгынан чыгаруудан баш тартуу

2) кеңири өмүр баянын;

3) 4х6 см өлчөмүндө ак фондо эки фотосүрөттү;

4) чет мамлекеттин аймагында туруктуу жашагандыгын тастыктаган документти.

Материалдардын көчүрмөлөрү тышкы саясий иштер чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органынын консулдук маселелер менен иш жүргүзгөн түзүмдүк бөлүмүнө жөнөтүлөт, ал Кыргыз Республикасынын тийиштүү мамлекеттик органдарынын, анын ичинде ички иштер жагында Кыргыз Республикасы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын маалыматтык системасы боюнча текшерүү жүргүзүү максатында зарыл маалыматты сурата.

Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынан түшкөн Кыргыз Республикасынын жарандыгына таандыктыгына тиешелүү маалымат Кыргыз Республикасынын дипломатиялык өкүлчүлүгүнө же консулдук мекемесине жиберилет.

Кыргыз Республикасынын дипломатиялык өкүлчүлүгү же консулдук мекемеси Кыргыз Республикасынын жарандыгына таандык же таандык эместиги жөнүндө корутунду чыгарат, анда арыз ээси жөнүндө негизги маалыматтар жана юридикалык негиздер көрсөтүлүүгө тийиш, аларга ылайык адам Кыргыз Республикасынын жар деп таанылат же таанылбайт. Эгерде арыз ээсинин балдары бар болсо, анда корутундуда алардын Кыргыз Республикасынын жарандыгына таандыктыгы же таандык эместиги да аныкталууга тийиш. Корутунду Кыргыз Республикасынын дипломатиялык өкүлчүлүгүнүн же консулдук мекемесинин жетекчиси тарабынан бекитилет.

Кыргыз Республикасынын дипломатиялык өкүлчүлүктөрү же консулдук мекемелери тарабынан Кыргыз Республикасынын жарандыгына таандыктыгын аныктоо жөнүндө арыздарды кароо мөөнөтү эки айдан ашпоого ти

Кыргыз Республикасынын дипломатиялык өкүлчүлүгү же консулдук мекемеси кабыл алынган чечим жөнүндө а ээсине маалымдайт, ага белгиленген үлгүдөгү маалымкат берилет.

### 7. Балдарда Кыргыз Республикасынын жарандыгы бар же жок экендигин аныктоонун өзгөчөлүктөрү

59. Балада Кыргыз Республикасынын жарандыгынын бар экендиги ырасталбаган учурда, ушул Жобонун 51-пунктунда көрсөтүлгөн зарыл маалыматтар анын ата-энесине карата аныкталат.

60. Кыргыз Республикасынын жарандыгын ата-энеси (экөөнүн бири) кабыл алып, арызда балдары жарандыкка кабыл алынгандыгы көрсөтүлбөгөн учурда (16 жашка чейинки бала) Кыргыз Республикасынын жарандыгы бар экендиги жөнүндө корутундуда мындай балага карата анын ата-энесинин (экөөнүн биринин) жарандыкка кабыл алынгандыгы жөнүндө Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгына шилтеме көрсөтүлөт.

61. Ата-энесинин экөө тең (экөөнүн бири) Кыргыз Республикасынын жарандары болуп саналса, бирок Кыргыз Республикасынын сырткары чыгып кетишсе жана башка мамлекеттин жарандыгын кабыл алышса, бирок балдары Кыргыз Республикасынын аймагында туруктуу жашаган болсо жана жашап жатышса, Кыргыз Республикасынын жарандыгы бар экендиги жөнүндө корутундуда "Кыргыз Республикасынын жарандыгы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 12-беренесинин 1-бөлүгү көрсөтүлөт.

62. Ата-энеси аныкталбаган же алардын өлгөндүгү тууралуу документтер жок болсо, ал эми балдар Кыргыз Республикасынын аймагында туруктуу жашаса, Кыргыз Республикасынын жарандыгы бар экендиги жөнүндө корутундуда "Кыргыз Республикасынын жарандыгы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 12-беренес 5-бөлүгү көрсөтүлөт.

63. Корутунду калкты каттоо чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органынын аймактык бөлүмүнүн жетекчиси тарабынан бекитилет.

64. Балада Кыргыз Республикасынын жарандыгы бар экендиги жөнүндө корутунду чыгарылгандан кийин документтер тариздeлет. 16 жашка чейинки балага Кыргыз Республикасынын жарандыгына таандыктыгы жөнүндө маалымкат берилет. 16 жашка чыккан балага Кыргыз Республикасынын жаранынын паспорту берилет.

### 8. Кыргыз Республикасынын Президентинин чечимдерин аткаруунун тартиби

65. Кыргыз Республикасынын Президенти Кыргыз Республикасынын жарандыгы маселелери боюнча жарлык чыгарат.

66. Жарандыктын өзгөргөндүгү Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыгы күчүнө кирген күндөн башта

67. Жарандыкты берүү же андан чыгуу жөнүндө Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыгы ага кол коюлган күндөн тартып 3 күндүн ичинде Кыргыз Республикасынын Президентинин расмий сайтына жарыяланууга тийиш.

68. Кыргыз Республикасынын жарандык маселелери боюнча Кыргыз Республикасынын аймагында турган арыз берүүчүлөргө карата Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыгын аткаруу калкты каттоо чөйрөсүндөгү Кы Республикасынын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органына жана анын аймактык бөлүмдөрүнө, ал эми республикад сырткары жашаган адамдарга тиешелүү маселелер боюнча тышкы саясий иштер чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу органына, Кыргыз Республикасынын дипломатиялык өкүлчүлүктөрүнө жана консулдук мекемелерине жүктөлөт.

69. Калкты каттоо чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органынын жарандык маселелери менен иш жүргүзгөн түзүмдүк бөлүмү, тышкы саясий иштер чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органынын консулдук маселелер менен иш жүргүзгөн түзүмдүк бөлүмү Кыргыз Республикасынын жарандыгынын маселелери боюнча Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыктарын алгандан кийин аларды андан ары аткаруу үчүн арыз ээлери өтүнүчтөрүн берген органдарга жөнөтөт.

70. Калкты каттоо чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органынын аймактык органдары, Кыргыз Республикасынын дипломатиялык өкүлчүлүктөрү жана консулдук мекемелери Кыргыз Республикасынын Президентинин жарлыктарын алгандан кийин эки жумалык мөөнөттө бул тууралуу арыз ээси маалымдайт.

71. Эгерде жарандыгы боюнча Кыргыз Республикасынын Президентинин чечими бар адам жашаган жерин өзгөртсө калкты каттоо чөйрөсүндөгү Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органынын аймакты органдары, Кыргыз Республикасынын дипломатиялык өкүлчүлүктөрү жана консулдук мекемелери кабыл алынган

жарлыгы чыккан күндөн тартып эки жумалык мөөнөттө маалымдалат.

87. Кыргыз Республикасынын жарандыгына кабыл алуу жөнүндө чечим жокко чыгарылган учурда ыйгарым укук орган бул чечимге ылайык мурда берилген Кыргыз Республикасынын жаранынын паспортун алып коюу чараларын көрүүгө милдеттүү.

88. Кыргыз Республикасынын жарандыгынан чыгуу жөнүндө чечим жокко чыгарылган учурда адамдан Кыргыз Республикасынын жарандыгынан чыгуу жөнүндө маалымкаты алып коюлат жана Кыргыз Республикасынын жаранынын паспорту берилет.

### 10. Жарандык маселелери боюнча чечимдерге даттануу

89. Жарандык маселелери боюнча чечимдер сот тартибинде даттанылышы мүмкүн.

90. Даттануу тийиштүү чечим кабыл алынган күндөн тартып алты айдын аралыгында берилиши мүмкүн. Жаран маселелери боюнча чечимди даттанууда жүйөлүү себептер боюнча даттануу мөөнөтү өтүп кетсе, ал сот тартибинд калыбына келтирилиши мүмкүн.

91. Кыргыз Республикасынын жарандык маселелери боюнча арыздарды кароодон баш тартуу жана Кыргыз Республикасынын жарандык маселелери боюнча чечимдерди аткаруу тартибин бузган кызмат адамдарынын башк аракеттери баш ийүүчүлүк тартипте жогору турган кызмат адамына же сотко даттанылышы мүмкүн.

92. Ыйгарым укуктуу органдарынын кызмат адамдары "Кыргыз Республикасынын жарандыгы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамын жана ушул Жобону бузгандыгы үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылай жоопкерчилик тартат.

### 11. Эл аралык келишимдердин ченемдеринин колдонулушу

93. Эгерде мыйзамда көрсөтүлгөн тартипте күчүнө кирген Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган э аралык келишимдерде ушул Мыйзамда камтылгандан башка ченемдер белгиленсе, Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган мамлекеттер аралык келишимдердин ченемдери колдонулат.

94. Кыргыз Республикасы катышуучусу болгон, мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерге ылайык Кыргыз Республикасынын жарандыгына ээ болуу жана токтотуу тартиби айрым ченемдик укуктук актылар менен жөнгө салынышы мүмкүн.

Кыргыз Республикасын
жарандык маселелери
кароонун тартиби жөнү
Жобого 1-тиркеме

Кыргыз Республикасынын Президентине
**АРЫЗ-АНКЕТА**

Сүрөт чаптала турган жер

Мени ______________________________ тартипте (жалпы, жөнөкөйлөштүрүлгөн)

Кыргыз Республикасынын ______________________ (жарандыгына кабыл алууну же жарандыгын калыбы келтирүүнү) ________

өтүнөм, өзүм жөнүндө төмөнкүдөй маалыматтарды билдирем(1):

1. Фамилиясы, аты-жөнү (фамилияңыз, аты-жөнүңүз өзгөргөн учурда Сиз алып жүргөн мурдагы фамилияңыз, а жөнүңүз жана аларды өзгөртүүнүн себеби жана датасы көрсөтүлөт)

______________________________

2. Туулган датасы жана жери (күнү, айы, жылы, калктуу конуш, район, облус, мамлекет)

______________________________

3. Улуту (каалоосу боюнча көрсөтүлөт) ______________________

4. Арыз ээси кайсы өлкөдөн келсе, ал жерде жашаган жеринин дареги

______________________________

5. Азыркы учурдагы жарандыгы

______________________________

6. Кыргыз Республикасына келген датасы жана максаты (келүүнүн себеби көрсөтүлөт)

______________________________

7. Чыгып кетүү документтери кайсы жерде жана качан тариздеелген

______________________________

8. Кыргыз Республикасынын аймагында туруктуу жашаган жери (жашаган жери боюнча катталгандыгы тууралу белгиси бар колдонуудагы паспорту же жашап турууга уруксаты менен ырасталат)

______________________________

Туруктуу жашаган мезгилде Кыргыз Республикасынын чегинен сырткары кетүүсү

| Чыгуу | | | | Кирүү | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| Барган өлкөсү | Баруунун максаты | Датасы | Чек араны өткөн жер | Баруучу өлкөсү | Датасы | Чек араны өткөн жер |

9. Жазык жоопкерчилигине же өлкөдөн чыгаруу түрүндө административдик жоопкерчиликке тартылгансызбы (

Арызда көрсөтүлгөн жеке маалыматтарды иштеп чыгууга макулдугумду берем.

Берилген документтердин аныктыгын жана баяндалган маалыматтардын ишенимдүүлүгүн ырастайм

20__-жылдын ____________ Арыз ээсинин колтамгасы ____________

25. Кызматтык белгилер (Кыргыз Республикасынын калкты каттоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын аймактык органдарында, Кыргыз Республикасынын дипломатиялык өкүлчүлүгүндө же консулдук мекемесинде толтурулат).

Жаран ________________________________ төмөнкүлөрү бар:

а) улуттук паспорт, аны: ________________________ (паспортту берген мекеменин аталыш берген,

____-ж. "__" ________ ____-ж. "__" ________ чейинки мөөнөт менен.

б) чет өлкөлүк жаран үчүн жашап турууга уруксат, сериясы ________ № ________ аны ________ берген. __ ж. "__" ________-ж. "__" ________ чейинки мөөнөт менен.

в) жарандыгы жок адам үчүн жашап турууга уруксат, сериясы ________ № ________ аны ________ берген. __ ж. "__" ________-ж. "__" ________ чейинки мөөнөт менен.

Арыз "Кыргыз Республикасынын жарандыгы жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын ________________ негизинде (берене, бөлүк, пункт) карап чыгууга ________________________ кабы алынды.

(датасы)

Арыздын туура толтурулушун жана зарыл документтердин бар экендигин текшердим, арызга менин катышуум кол коюлду, арыз ээсинин колтамгасынын аныктыгын ырастайм

20__-жылдын "__" ________________

Колтамга ________________________________

(документтерди кабыл алган кызматкердин кызмат орду, ф.а.ж.)

(1) Арыз кол менен же техникалык каражаттарды колдонуп, кыскартуусуз, аббревиатурасыз, оңдоолорсуз жана сызбастан толтурулат. Суроолорго жооптор толук болушу керек. Кол менен жазылган текст түшүнүктүү болушу кер

Кыргыз Республикасын
жарандык маселелерин
кароонун тартиби жөнү
Жобого 2-тиркеме

**Кыргыз Республикасынын Президентине**
**АРЫЗ-АНКЕТА**

**Сүрөт чаптала турган жер**

Мага Кыргыз Республикасынын жарандыгынан чыгууга уруксат берүүнү өтүнөм жана өзүм жөнүндө төмөнкүдөй маалыматтарды билдирем(1):

1. Фамилиясы, аты-жөнү (фамилияңыз, аты-жөнүңүз өзгөргөн учурда Сиз алып жүргөн мурдагы фамилияңыз, а жөнүңүз жана аларды өзгөртүүнүн себеби жана датасы көрсөтүлөт) ____________________

2. Туулган датасы жана жери (күнү, айы, жылы, калктуу конуш, район, облус, мамлекет) ____________________

3. Улуту (каалоосу боюнча көрсөтүлөт) ____________________

4. Үй-бүлөлүк абалы (аялынын/күйөөсүнүн фамилиясы, аты-жөнү көрсөтүлөт) ____________________

5. Эгерде мурда башка жарандыкта турсаңыз, кайсы жарандыкта болгондугуңузду, аны эмне себептен жана кач жоготконуңузду, Кыргыз Республикасынын жарандыгын качан алгандыгыңызды көрсөтүңүз ____________________

6. Аскердик милдетке тиешелүүлүгү ____________________ (аскерге милдеттүү же аскерге милдеттүү эмес, наамы, кызмат кылган жери жана мезгили)

7. Билими жана адистиги (башталгыч, орто, атайын орто, жогорку) ____________________

8. Ким экендигин ырастаган документтер жана Кыргыз Республикасынын жарандыгы ____________________ (документтин түрү, сериясы, номери, ким тарабынан жана качан берилген)

9. Кыргыз Республикасынын укук коргоо органдары тарабынан жазык иши боюнча айыпталуучу катары тартылгансызбы же Сизге карата мыйзамдуу күчүнө кирген жана аткарылууга тийиш соттун айыптоо өкүмү барбы ____________________ (эгерде болсо, кайсы жерде, качан, эмне себептен)

10. Мамлекеттин алдында аткарылбаган милдеттенмелериңиз же Кыргыз Республикасынын аймагында юридикалык же жеке жактардын кызыкчылыгы байланышта болгон мүлктүк милдеттенмелериңиз барбы ____________________ (так көрсөтүлөт)

11. Чет өлкөдө болгонсузбу, кайсы жерде, качан жана эмне максатта ____________________

12. Арыз менен кайрылган датага чейинки акыркы беш жылдагы эмгек иши (жогорку жана атайын орто окуу жайларындагы окууну жана аскер кызматын кошо алганда):

| Айы жана жылы | | Мекемени, ишкананы, уюмду көрсөтүү менен кызмат орду | Мекеменин, ишкананын, уюмдун жайгашкан жери |
|---|---|---|---|
| кириши | чыгышы | | |

Берилди ________________________________, анын ______________ (Кыргыз Республикасынын жарандыгына кабыл алуу,

________________________________________________

жарандыгын калыбына келтирүү же Кыргыз Республикасынын

________________________________________________

жарандыгынан чыгуу жөнүндө)

арызы ________________________________________________ (арызды кабыл алган орган көрсөтүлөт)

тарабынан карап чыгууга кабыл алынды.

Арызды жана көрсөтүлгөн документтерди, алардын туура толтурулушун жана зарыл документтердин бар экендигин текшердим ________________________________ (документтерди кабыл алган кызматкердин кызмат орду, Ф.А.Ж.)

20__-жылдын "__" __________ Колтамгасы __________
МО

Кыргыз Республикасынын
жарандык маселелерин
кароонун тартиби жөнүнд
Жобого 4-тиркеме

"БЕКИТЕМИН" (жетекчи
кызмат орду, Кыргыз
Республикасынын ыйгар
укуктуу органынын
аталышы)

______________
(Ф.А.Ж., колтамгасы)
20__-жылдын "__"
______________
МО

Жалпы (жөнөкөйлөштүрүлгөн) тартипте Кыргыз Республикасынын жарандыгына кабыл алуу, жарандыгын калыбына келтирүү жөнүндө
КОРУТУНДУ

Жалпы (жөнөкөйлөштүрүлгөн) тартипте Кыргыз Республикасынын жарандыгына кабыл алуу, жарандыгын калыбына келтирүү жөнүндө ________________________ өтүнүчү боюнча.

Мен, ________________________ (Ф.А.Ж. жана ээлеген кызмат орду)
________________________ (Ф.А.Ж.) Кыргыз Республикасынын жарандыгына кабы
алуу жөнүндө өтүнүчүн карап чыгып

ТӨМӨНКҮЛӨРДҮ БЕЛГИЛЕЙМ:

________________________ туулган, (туулган күнү, айы, жылы, өлкөсү)
улуту боюнча ______________, ________-жылы ______________ келген
__________

(туруктуу жашаган өлкөсү) (жаран, жарандыгы жок адам)

________________________

Азыркы учурда арыз ээси __________ дареги боюнча жашайт жана __________ жараны болуп санал
Иштеген жери: ________________________
Үй-бүлөлүк абалы ________________________
жарандыгы) ________________________ (жубайынын фамилиясы, аты-жө

________________________ менен никеде турат.

Кыргыз Республикасында жашаган жакын туугандары бар (жок)

Өзүнүн өтүнүчүн ________________________ негиздейт.

Ошол эле учурда жашы жете элек балдарын ________________ Кыргыз Республикасынын жарандыгына кабыл алууга уруксат берүүнү өтүнөт.

Кыргыз Республикасынын улуттук коопсуздук органы жалпы (жөнөкөйлөштүрүлгөн) тартипте Кыргыз Республикасынын жарандыгына кабыл алуу, жарандыгын калыбына келтирүү жөнүндө бул өтүнүчтү канааттандыр макул (макул эмес).

Баяндалгандардын негизинде ________________________
жалпы (жөнөкөйлөштүрүлгөн) тартипте Кыргыз Республикасынын жарандыгына кабыл алуу, ________________ (арыз ээсинин фамилиясы, аты-ж жарандыгын калыбын келтирүү жөнүндө өтүнүчүн канааттандырууга болот (канааттандырууга болбойт) деп ойлойм.

Өтүнүчтү канааттандырууга (канааттандыруудан баш тартууга) негиз болуп "Кыргыз Республикасынын жаранд жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын ______-беренесинин ______-бөлүгүнүн ______-пунктунун жобол саналат.

________________________ (кызматкердин кызмат орду, ыйгарым укуктуу органдын аталышы)
__________ 20_-жылдын "__" __________ (Ф.А.Ж., колтамгасы)

(Ф.А.Ж., колтамгасы)
20__-жылдын "__"
____________
МО

**Кыргыз Республикасынын жарандыгына таандыгы жөнүндө**
**КОРУТУНДУ**

Мен, ________________________ (Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу органынын кызматкеринин кыз
орду, фамилиясы, аты-жөнү)

____________________________________________________________ (арыз ээсинин фамилиясь
аты-жөнү)

Кыргыз Республикасынын жарандыгына таандыгы жөнүндө арызын карап чыгып

ТӨМӨНКҮЛӨРДҮ БЕЛГИЛЕДИМ:

Арыз ээси ____________________ туулган (туулган күнү, айы, жылы, өлкөсү)

улуту ______________ билими ______________________________________

Кесиби, адистиги ___________________________________________

Кыргыз Республикасынын аймагында жашаган мезгили, орду __________________

Арыз ээси азыркы учурда төмөнкү даректе жашайт: ______________________

Иштеген жери, кызматы: ______________________________________

Үй-бүлөлүк абалы __________________________________________

Ата-энеси ______________________________________________

Балдары _______________________________________________

Жакын туугандары жөнүндө маалымат _____________________________

Өзүнүн өтүнүчүнүн себеби ____________________________________ негиздейт.

Текшерүүнүн жыйынтыгы ____________________________________ (Кыргыз Республикасынын жарандыгына таандык же таандык эмес экендиги жөнүндө оң (же терс) чечим кабыл алууга аргументтүү негиздер жазылат)

____________________________________________________________

ТӨМӨНКҮДӨЙ ЧЕЧИМГЕ КЕЛДИМ:

1. ______________________________ жана анын балдары __________________ Кыргыз Республикасынын жарандыгына таандык (таандык эмес) деп таанылсын.

2. Маңызы боюнча чечүү үчүн жогору турган органга даттануу тартиби түшүндүрүлсүн.

____________________________________________ (кызмат орду, Ф.А.Ж.) (колтамгасы)

МО 20__-жылдын "__" ____________

Кыргыз Республикасынын
жарандык маселелерин
кароонун тартиби жөнүндө
Жобого 7-тиркеме

"БЕКИТЕМИН" (жетекчини
кызмат орду, Кыргыз
Республикасынын ыйгары
укуктуу органынын аталыш

______________ (Ф.А.
колтамгасы)
20__-жылдын "__"
____________
МО

**КОРУТУНДУ**

Мен, ____________________________________________________ (Кыргыз Республикасынын калкт
каттоо чөйрөсүндөгү

____________________________________________________________

ыйгарым укуктуу мамлекеттик органынын кызматкеринин

____________________________________________________________

кызмат орду, фамилиясы, аты-жөнү)

____________________________________________ Кыргыз Республикасынын

(арыз ээсинин фамилиясы, аты-жөнү)

аймагында аны жарандыгы жок адам деп таануу жөнүндө арызын карап чыгып

ТӨМӨНКҮЛӨРДҮ БЕЛГИЛЕДИМ:

______________________________________________ туулган, (туулган күнү, аны, жылы, өлкөсү)

Муну менен Кыргыз Республикасынын Президентинин 20__-жылдын "___" ___________ № ____________ Жарлыгына ылайык ________________ (фамилиясы, аты-жөнү, туулган күнү, айы, жылы)

______________________________________ тартып Кыргыз Республикасынын жараны болуп саналбайт. (чечим кабыл алынган дата)

Кыргыз Республикасынын жаранынын паспорту ____________________ (түрү, сериясы, номери, ким тарабын жана качан берилген)

жокко чыгаруу үчүн ________________________________________ өткөрүлдү.

______________________________________ (Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу мамлекеттик органынын жетекчисинин кызмат орду)

______________________________ 20_-жылдын "__" ____________ (Ф.А.Ж., колтамгасы)

МО

--------------------------------------------------------------------------------

____________________________________________________________ (ыйгарым укуктуу органдын аталышы)

МААЛЫМКАТ Кыргыз Республикасынын жарандыгынан чыгуу жөнүндө

Муну менен Кыргыз Республикасынын Президентинин 20__-жылдын "___" ___________ № ____________ Жарлыгына ылайык ________________

____________________________________________________________ (фамилиясы, аты-жөнү, туулг күнү, айы, жылы)

______________________________________ тартып Кыргыз Республикасынын жараны болуп саналбайт. (чечим кабыл алынган дата)

______________________________________ (Кыргыз Республикасынын ыйгарым укуктуу мамлекетт органынын жетекчисинин кызмат орду)

______________________________ 20__-жылдын "__" ___________ (Ф.А.Ж., колтамгасы)

МО

Маалымкатты алдым ______________ 20__-жылдын "__" ___________